Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2000-жылдын 27-ноябрындагы
N 694 токтому менен
бекитилди

# Интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби жөнүндө
# ЖОБО

*(КР Өкмөтүнүн 2001-жылдын 6-августундагы N 415, 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794, 2014-жылдын 20-майындагы № 263, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## I. Жалпы жоболор

1. Жободо интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларга карата бажы контролдугунун тартиби аныкталат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Бул Жобонун максаттары үчүн төмөндөгү аныктамалар колдонулат:

**интеллектуалдык менчиктин объектилери** - илим, адабият жана искусство чыгармаларынын нускалары; электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларынын, маалыматтар базаларынын, фонограммалардын нускалары; товардык белгилер, тейлөө белгилери менен маркаланган товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары менен белгиленген товарлар;

**укук ээси** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык интеллектуалдык менчик объектисине карата укукка ээ болгон жак;

**контрафакт товарлар** - товарларды бажы чек арасы аркылуу өткөрүү же бажы контролунда турган товарлар менен башка аракеттерди жасоо менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык корголуучу укук ээсинин укуктарын бузууга алып келген интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарлар"

**товар чыгарууну убактылуу токтотуу** - интеллектуалдык менчиктин объектилери бар товарларды чыгарууну же шарттуу чыгарууну Кыргыз Республикасынын бажы органдарынын убактылуу токтотушу.

*(КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

3. Кыргыз Республикасынын бажы органдары Интеллектуалдык менчик объектилеринин бажы реестрине (мындан ары - Бажы реестри) киргизилген интеллектуалдык менчиктин объектилерине карата укук ээлеринин укуктарын өзүнүн компетенциясынын чегинде коргоону ишке ашырат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

## II. Интеллектуалдык менчиктин объектисин каттаттуу боюнча өтүнмө

4. Интеллектуалдык менчик объектисин Бажы реестринде каттоого өтүнмө бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга укук ээси же укук ээсинин кызыкчылыгын жактаган, бажы чек арасы аркылуу товарларды ташып өтүүдө алардын интеллектуалдык менчик объектисине карата укуктары бузулгандыгын же бузулушу мүмкүн экендигин болжолдоого жетиштүү негизи бар башка жак тарабынан берилет жана ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) төмөнкүлөр камтылууга тийиш болгон арызды:

- укук ээси жөнүндө, ал эми эгерде арыз анын өкүлү тарабынан берилсе, ал тууралуу да толук маалымат;

- Бажы реестрине киргизилүүчү интеллектуалдык менчик объектисин көрсөтүү;

- анын товарларды чыгаруучу уюмдардын, ошондой эле ага таандык интеллектуалдык менчик объектилерин колдонууга ыйгарым укуктары же лицензиялары бар уюмдардын аталыштары жана даректери, аларды колдонууга ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер;

- түпкү товарларды чыгарган жери;

- интеллектуалдык менчик объектилерине карата укуктарды коргоо мөөнөтү. Көрсөтүлгөн мөөнөт 2 (эки) жылдан ашпоого тийиш;

2) Интеллектуалдык менчик объектилерине карата укуктарды тастыктоочу документтер. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- интеллектуалдык менчик жаатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - Кыргызпатент) тарабынан берилген товардык белгисин жана/же тейлөө белгисин каттоо жөнүндө күбөлүк;

- Интеллектуалдык менчиктин дүйнөлүк уюмунун Эл аралык бюросунун реестринен Кыргыз Республикасынын аймагында товардык белгисин жана/же тейлөө белгисин эл аралык каттоо тууралуу көчүрмө, Кыргызпатенттин тиешелүү тастыктоосу менен;

- Кыргызпатент тарабынан берилген, товарларды чыгаруу жеринин аталышын колдонуу укугуна күбөлүк;

- автордук укуктарын каттоо тууралуу күбөлүк, эгерде ал Кыргызпатентте каттоого алынса;

- Кыргызпатентте катталган товардык белгисине жана тейлөө белгисине укуктарын өткөрүп берүү тууралуу келишим (лицензиялык келишим, укуктарын өткөрүп берүү тууралуу келишим), ошондой эле укук ээси интеллектуалдык менчик объектилерине карата өзүнүн укуктарын тастыктоо иретинде көрсөтө алган башка документтер;

- объектилерге карата автордук укуктарын өткөрүп берүү тууралуу келишим (лицензиялык келишим, укуктарын өткөрүп берүү тууралуу келишим, автордук келишим ж.б.);

- башка жактарга зыян келтиргендиги үчүн арыз берүүчүнүн жарандык-укуктук жоопкерчилигин камсыздандыруу келишими;

- укук ээси тарабынан берилген ишеним кат, эгерде документтер өкүл тарабынан берилсе;

- белгиленген тартипте салык органдары тарабынан берилген КНС боюнча төлөөчү катары каттоо тууралуу маалымкат;

3) интеллектуалдык менчик объектилери бар түпкү товарлардын сүрөттөлүшү жана зарыл болгон учурда интеллектуалдык менчик объектисин камтыган товардын сырткы көрүнүшү тууралуу толук маалымат берген үлгү же фото сүрөт же башка маалыматтар;

4) Бажы реестрине киргизүүгө арыз берген күнгө чейин 5 (беш) жылдан кем эмес мезгил ичиндеги арыз ээси тарабынан интеллектуалдык менчик объектисин камтыган товарларды ташып өтүү жөнүндө маалыматтар;

- 5) контрафакттык товарларды аныктоого мүмкүнчүлүк берген башка маалыматтар:

- шектелген контрафакттык товарлардын импорттоочусунун жана/же жүк алуучунун аты жана дареги;

- шектелген товарлардын толук сүрөттөлүшү, үлгүсүн жана/же фото сүрөтүн кошуу менен;

- шектелген товарды чыгаруучу өлкө же чыгаруучу өлкөлөр жана ишканалар;

- шектелген товар бажылык тариздөө үчүн болжолдуу берилүүчү жер;

- унаанын түрү же ташуучу уюмдун аталышы;

6) ушул Жобонун тиркемесине ылайык үлгү боюнча укук ээси тарабынан толтурулуучу бажы органдарынын чыгымдарын (эгерде шектелген товардын чыгуусун токтоткондон кийин белгиленген мөөнөттүн ичинде укук ээси кармалган товарга карата маселени чечүү тууралуу тиешелүү сотко арыз бергендигин тастыктоочу документтерди бербесе) жана декларация берүүчүнүн чыгашаларын (эгерде соттун чечими менен кармалган товар контрафакттык эмес деп табылса) өндүрүп берүү тууралуу жазуу жүзүндөгү милдеттенме (мындан ары - милдеттенме).

Кыргыз Республикасынын бажы органдарында укук ээсинин кызыкчылыктарын жактоого тиешелүү түрдө таризделген ишеним кат же болбосо мындай ыйгарым укуктар берилген башка документтер (лицензиялык, автордук келишим, коммерциялык өкүлчүлүктүн келишими ж.б.) болсо, милдеттенме укук ээсинин өкүлү тарабынан таризделип жана берилиши мүмкүн.

Арызга милдеттенменин аткарылышын камсыздоону тастыктоочу документ же болбосо зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчилик тобокелдигин декларанттын пайдасына камсыздандыруу келишими тиркелет;

7) жыйымдардын төлөнүшүн тастыктаган документ.

Укук ээси (анын өкүлү) тарабынан берилген маалыматтардын тууралыгын текшерүү максатында бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган укук ээсинен (анын өкүлүнөн), үчүнчү жактардан, ошондой эле мамлекеттик органдардан берилген маалыматтарды ырастоочу документтерди сурап алууга укуктуу. Суралуучу документтер суроо-талап келген күндөн тартып 10 (он) күндүн ичинде берилүүгө тийиш.

Укук ээсинен (анын өкүлүнөн) суралган документтер келбесе, арыз кайра чакыртылган болуп саналат жана андан аркы кароого жатпайт, бул тууралуу укук ээси кат же электрондук формада кабарланат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

## III. Өтүнмөнү карап чыгуу

5. Өтүнмөнү кабыл алуу жана карап чыгуу бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

6. Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арызды түшкөн күнүнөн тартып бир айдан ашпаган мөөнөттө карайт жана арызда көрсөтүлгөн интеллектуалдык менчик объектилерин Бажы реестрине киргизүү же аларды киргизүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат. Кабыл алынган чечим тууралуу арыз ээси жазуу жүзүндө кабарланат. Мында бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мөөнөттү узартууга укуктуу, бирок бир айдан ашык эмес.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

7. Интеллектуалдык менчик объектилерин Бажы реестрине киргизүү жөнүндө чечим чыккандан кийин интеллектуалдык менчик объектилери Бажы реестрине киргизилет.

Интеллектуалдык менчик объектилерин идентификациялоо үчүн керектүү маалымдарды камтыган маалыматтык баракча 3 (үч) күндүн ичинде бажы органдарына аткаруу үчүн таратылат.

Интеллектуалдык менчик объектиси укук ээсинин арызы боюнча же болбосо укук ээси интеллектуалдык менчик объектисине карата укуктарынын жоюлушуна байланыштуу маалыматтардын өзгөргөндүгү тууралуу билдирбеген учурда, укук ээси алмашканда жана лицензиялык келишимди колдонуу мөөнөтүнөн мурда токтотулганда же интеллектуалдык менчиктин объектисин Бажы реестрине киргизүүдө жалган маалыматтар берилгенде бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча Бажы реестринен мөөнөтүнөн мурда чыгарылышы мүмкүн.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

8. Бажы контролдугу ишке ашырылуучу каттоонун жарактуулук мөөнөтү - интеллектуалдык менчик объектисин Бажы реестрине киргизүү жөнүндө бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган чечим чыгарган учурдан тартып – эки жыл. Аталган мөөнөт укук ээси кошумча жыйым төлөө шартын аткарып, арыз берген учурда кийинки дагы бир мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

Каттоону колдонуу мөөнөтү интеллектуалдык менчик укугунун жарактуулук мөөнөтүнөн узак болушу мүмкүн эмес.

*(КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

9. Укук ээси ушул Жобонун 4-пунктунун 6-пунктчасында каралган милдеттенмелерди аткарууну кепилдикке алуу максатында интеллектуалдык менчик объектисин Бажы реестрине киргизүү тууралуу чечим кабыл алгандыгы жөнүндө билдирмени жиберген күндөн баштап бир айдын ичинде товарлардын чыгышын токтотуу менен жактарга келтирген мүлктүк зыяны үчүн жоопкерчиликти камсыздандыруу келишимин (келишимдерди) берүүгө милдеттүү.

Мында камсыздандыруу суммасы 10 (он) миң евродон кем болбошу керек.

Укук ээсинин кызыкчылыктарын бажы органдарында көрсөтүүгө тиешелүү түрдө тариздeлген ишеним кат же болбосо ушундай ыйгарым укуктар берилген башка документтер болгондо мүлктүк зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликти камсыздандыруу келишими (келишимдери) жана милдеттенме укук ээсинин өкүлү тарабынан тариздeлиши жана берилиши мүмкүн.

Мүлктүк зыян келтиргендиги үчүн жоопкерчиликти камсыздандыруу келишими (келишимдери) берилбеген учурда Бажы реестрине киргизүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынат, бул жөнүндө арыз берүүчүгө ушундай чечим кабыл алган күндөн баштап беш жумушчу күндүн ичинде жазуу жүзүндө кабарланат.

Интеллектуалдык менчик объектилери Бажы реестринде каттоого алынганда төмөндөгү аткарылган иштер үчүн жыйым алынат:

- интеллектуалдык менчик объектилеринен ар бирин каттоого алгандыгы үчүн -1330 сом;

- интеллектуалдык менчик объектисинин каттоосунун жарактуулук мөөнөтүн узарткандыгы үчүн - 410 сом.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

10. Бажы реестри бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт. Бажы реестрин жүргүзүүнүн жана аны жарыялоонун тартибин бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктайт.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

## IV. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу

11. Интеллектуалдык менчик объектилери бар товарларга карата бажы документтерин толтуруунун жана бажы контролдугунун тартиби ушул Жободо каралган өзгөчөлүктөр эске алынуу менен бажы иши чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын бажы мыйзамдарында жана башка нормативдик укуктук актыларда белгиленген тартипте ишке ашырылат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

12. Бажы реестринде катталган интеллектуалдык менчик объектилери бар товарлар аныкталган учурда бажы органдары бул товарларды чыгарууну же шарттуу чыгарууну жана сатууну 10 (он) жумушчу күнгө чейин токтотушат.

Товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө билдирүү алгандан кийин укук ээси же анын өкүлү товарды ташып келүүгө жазуу жүзүндө макулдук берсе товар чыгаруу токтотулбайт.

Укук ээсинин же анын кызыкчылыгын жактаган жактын суроо-талабы боюнча бул мөөнөт бажы органы тарабынан узартылышы мүмкүн, бирок 10 (он) жумушчу күндөн ашык эмес убакытка чейин гана.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

13. Товарларды чыгарууну токтотуу жана товарларды чыгарууну токтотуу мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечим бажы органынын жетекчиси же ыйгарым укук берилген адам тарабынан жазуу жүзүндө тариздeлет.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

14. Кыргыз Республикасынын бажы органы товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн кийинки жумушчу күндөн кечиктирбей товар чыгарууну убактылуу токтотуу себептери жана убактылуу токтотуу мөөнөттөрү жөнүндө декларантка жана укук ээсине, же алардын укугун жактаган адамдарга билдирүүгө милдеттүү, ошондой эле ал декларантка укук ээсинин аталышы менен дарегин, ал эми укук ээсине декларанттын аталышы менен дарегин кабарлайт.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

15. Укук ээси товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин ал он жумушчу күндүн ичинде бажы органына тиешелүү сот органында товар чыгаруу убактылуу токтотулгандыгына карата өзүнүн мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктарын калыбына келтирүү боюнча чара көргөндүгүн ырастоочу документтерди бериши керек.

Ушул пункттун биринчи абзацында көрсөтүлгөн документтерди берүүдө интеллектуалдык менчик объектилери бар товарларды чыгарууну токтотуунун мөөнөттөрү соттун тиешелүү чечими мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин узартылат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

16. Эгерде укук ээси сот процессин козгогондугу жөнүндө бажы органына он күндүк мөөнөт ичинде билдирбесе жана жарнак берүүчү товарларды ташып келүү боюнча калган шарттарды аткара турган болсо товарлар жарнак берүүчүгө кайтарылып берилет.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

## V. Товар чыгарууну убактылуу токтотууга байланыштуу чыгымдарды төлөп берүү

17. Укук ээси товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө билдирүү алгандан кийин үч күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдары менен бекитилген тартипте милдеттемени аткарууну камсыз кылууну төгүшү керек. Эгер укук ээси ушул Жобонун 15-пунктундагы шарттарды аткарбаса, анда товарды чыгарууну токтото туруу менен байланышкан бажы органдарынын чыгымдарын жапа товарды токтото туруунун натыйжасында келип чыккан, декларанттын зыяндарын эсептен чыгаруу менен укук ээсине кайтарылып берилет. Ал эми эгер камсыз кылуунун суммасы көрсөтүлгөн чыгымдарды жана зыяндарды жабуу үчүн жетишсиз болуп чыкса, анда кошумча төлөнүүгө тийиш болгон сумманын өлчөмү укук ээси менен декларанттын ортосунда макулдашуу, же сот тартибинде аныкталат.

*(КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794 токтомунун редакциясына ылайык)*

## VI. Кыргыз Республикасынын бажы органдары берүүчү маалыматтарга карата мамиле. Товардын бөлүгүн жана үлгүсүн текшерүү үчүн алуу

18. Бажы органы мамлекеттик, коммерциялык, кызматтык жашыруун сыр же мыйзам тарабынан корголуучу бөлөк жашыруун сыр болуп эсептелген маалыматты товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим кайсы товарга карата кабыл алынса ошол товардын контрафакт товар экендигин аныктоо үчүн пайдаланууга мүмкүн болсо анын жашыруундугун сактоого зыян келтирбестен аны укук ээсине декларанттарга же алардын кызыкчылыгын жактаган жактарга бере алат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

19. Укук ээлери же декларанттар же алардын кызыкчылыгын жактаган адамдар алган маалымат үчүнчү адамдарга берилбейт жана ал аларга эмне үчүн берилсе ошол максатта гана пайдаланылышы керек.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

20. Бажы органынын уруксаты боюнча жана анын кызмат адамынын катышуусунда укук ээси жана декларант же алардын кызыкчылыгын жактаган адамдар товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим кайсы товарга карата кабыл алынса ошол товардын бөлүгүн жана үлгүсүн ала алышат жана аларга изилдөө (экспертиза) жүргүзө алышат.

## VII. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечимди жокко чыгаруу

21. Эгерде укук ээси (анын өкүлү) товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим өз күчүндө болгон мөөнөттүн ичинде товар чыгарууну убактылуу токтотуу жана (же) аны Бажы

реестринен чыгаруу жөнүндө чечимди жокко чыгаруу өтүнүчү менен кайрылса, же болбосо ушул Жободо белгиленген өлчөмдө жана белгиленген мөөнөттө акча чегербесе, товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим жокко чыгарылат.

*(КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

22. Укук ээси (анын өкүлү) кармалган товарга сот процесси козголгондугу тууралуу жана сот тарабынан ушул товар барымтага алынгандыгы жөнүндө далилдерди бергенден кийин товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечим жокко чыгарылышы керек. Товар чыгарууну убактылуу токтотуу жөнүндө чечимди Кыргыз Республикасынын бажы органынын башчысы, же болбосо анын ордундагы кызмат адамы жокко чыгарат.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомунун редакциясына ылайык)*

Интеллектуалдык менчиктин
объектилери бар товарларга
карата бажы контролдугунун
тартиби жөнүндө жобого
тиркеме

## Товарларды токтото туруууга байланышкан чыгымдардын ордун толтуруу жөнүндө МИЛДЕТТЕМЕ

*(КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы N 794, 2015-жылдын 23-апрелиндеги № 254 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

Муну менен, ________________________________________________________________

Укук ээси же укук ээсинин ишенимдүү адамы (Уставга ылайык юридикалык же жеке

______________________________________________________________________

жактын толук аталышы, юридикалык дареги, МИЖРК коду, СТИН, телефон,

______________________________________________________________________

факс, жеке адамдар үчүн паспортунун маалыматтары, ишеним каттын N)

Шектелген товар контрафакттык эмес экени белгилүү болгон учурда, товарды чыгарууну токтото туруу менен байланышкан бардык көрсөтүлгөн бажы органынын чыгымдарын жана декларантка келтирилген зыяндын ордун толтуруруга милдеттенет.

| Катар N | Товардын аталышы | ТЭИТН коду | Интеллектуалдык менчиктин объектисинин корголуу мүмкүнчүлүгү тууралуу документтин аталышы, N жана күнү | Интеллектуалдык менчиктин объектисинин каттоо номери |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

Арыз ээси товарды токтото туруу жөнүндө кабар алган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде милдеттемени аткарууну камсыз кылууну (товарлардын күрөөсү, банктык кепилдик, депозит, кепилдик) төгүүгө милдеттенет.

Бажы органынын боло турган чыгымдарынын эсебин Бажы берет (иш сараплар жана транспорттук чыгымдар жана башкалар), ал эми Декларанттын боло турган чыгымдарынын эсебин Декларант (транспорттук чыгымдар, жүктөө-түшүрүү жумуштары, убактылуу сактоо чыгымдары жана башкалар) берет.

Бажы органдарынын чыгымдарынын жана декларанттын зыяндарынын ордун толтурууну жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Бажы кодексинин 345, 346, 348-беренелеринин талаптары менен тааныштым.

Укук ээси ___________________ (колу)

М.О.